| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Эркектер - 5<br>Негизги контингентти тажрыйбалуу, чыгармачыл мугалимдер түзөт<br>Педагогикалык жана окутуучу – көмөкчү курам квалификациялык талаптарга ылайык толугу менен комплектиленген. | |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу | Мугалимдер арасында физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү максатында 2017-жылдын 27-августундагы профсоюз уюму менен бирге өткөрүлгөн педагогикалык Кенешмесинин №2 токтому менен бекитилген «Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө» Жобосу иштелип чыккан. Ага ылайык мугалимдерге кесиптик ишмердигин жогорку моралдык-этикалык, психологиялык окутуучулук денгээлде жүзөгө ашырууга умтулууга, укуктук-ыймандык жана этикалык ченемдерди сактоого, өзүн уюштуруучулук жөндөмүн, кесиптик ар тараптан түшүнүктүүлүгүн, укуктук жана жүрүш-туруш маданиятын өнүктүрүүгө, моралдык-этикалык жогорку сапатка ээ болууга, ар дайым өзүнүн кесиптик денгээлин жогорулатууга, өзүнө талап коюп туруусуна, кесиптештери менен демократия, өнөктөштүк, жааматчылык жана өз ара жардам берүү принциптерине негизделген жана кайтарымдуу мамилелерди орнотууга, эмгек жамаатында жагымдуу моралдык-психологиялык жагдайдын түзүлүшүнө шарт түзүүгө, жамаатта пикир келишпестиктерди, ушак-айындарды, калпыстыктарды, уятсыздыктарды, жүзү каралыктарды болтурбоого милдеттендирет.<br>Билим берүү тармагында бирден-бир психологиялык кооптуу жагдай окуучулардын инсандык - базалык керектөөлөрүн канааттандырбагандыктан келип чыгат. Ошондуктан окуучулардын физикалык жана психологиялык коопсуздук чөйрөсүн түзүү боюнча мектептин социалдык педагогу Алибаева Акинай тарабынан ар кандай темаларда иш-чаралар өткөрүлүп турулат. Мисалы, психологиялык зомбулук, мектеп рекетчилиги, алдуу алсызды кемсинтпейт, кичипейилдик деген темада диспуттар, спорттук ден соолукту чыңдоочу иш-чаралар, стресстен сактануунун жолдору, мамиле маданияты жөнүндөгү лекциялар окулуп турулат. Мектепте окуучулардын өз-ара мамилелерин баалоону анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алуу | 24-тиркеме<br>Физикалык коопсуз чөйрө боюнча тиркеме тиркелет.<br>«Мугалимдердин кесиптик этикасы жөнүндө» Жобо<br>Эки тараптуу келишимдер<br>Этикалык нормалар<br>Өткөрүлгөн иш чаралардын фото материалдары, инструкциялар, келишимдер, буйруктар, токтомдор. |